Ноябрь айынын 1-жумасында эле Парламент өздөрүнүн иштерин улантып, ден соолук министринин тарабынан сасык тумоону алдын алуу ,геппатит А, кызамыктын алдын алуу эрежелери боюнча дубал газеталар илинди, класстарга түшүндүрүү иштери  жүргүзүлдү. Тил күнүнө карата “Улутум кыргыз, урааным Манас” аттуу 1-11-класстар арасында Манастан үзүндү айтуу болуп өттү. 7-“А” класстын  окуучусу Анарбек уулу Адилет жана 10-“А” классынын окуучусу Абдыкадыров Шыкмамат өзгөчө көп саптуу кылып, көркөмдүү бере алышты.

“Жаша жер эне!” 5-11-класстар арасында экологиялык багытта кароо-сынак өттү. Бул сынакта 10-“А”класстын окуучулары “Ысык-Көлдү сактайлы” ураанында көчөлөргө бөлүнүп жүрүш кылышты. Калган класстарда ачык тарбиялык сааттар өтүлдү.

Ар бир ай сайын шаршемби күнү кыздар чогулушу болуп, “Кыздуу үйдө кыл жатпайт” темасында кыздар чогулушунда 11-“А” класстын кыздары Жакашова А, Шамилова Жаннат кызыктуу доклад окушту.

Айдын 26-ноябрында “Устат” мугалим жана өнөрлүү окуучу кароо-сынагы болду. Сынакка 10-11-класстын окуучулары менен жаш мугалимдер катышып, чын эле мугалими – устат, алэми окуучусу өнөрлүү таланттар экенин көргөзүштү. 9-“Б”класстын окуучусу Догдурбай к Толгонай жана математика мугалими Эшимканов Н гран приге ээ болушуп камкордук кеңеши тарабынан даярдалган белек-бечкектерге ээ болушту. Ар бир сынактын катышуучулары келген меймандардын купулуна толду. Ар жуманын дүйшөмбү күнүндө үчүнчү сааттан кийин линейка болуп, рейддердин отчёту жана дежур болгон класстын отчёту каралып, төртүнчү сабакта класстык сааттар өтүлүп турду. Жаш класс жетекчилерге усулдук жардамдар көрсөтүлүп, класс жетекчилердин чогулушунда талкууланып жатты.

Уюштуруучу: Машанло Ф.Ч.

1-декабрда “СПИД 21-кылымдын чумасы” аттуу чоң маданий иш-чарага ГСВдан Абдыразакова З жана ЖОИ инспектору Таалайбекова Р.Т, 7-11-класстын окуучулары катышып, ар бир  класс кызыктуу доклад, рефераттарды даярдап жана дагы сценка, ырларды окуп, келген меймандардын суроолоруна туура , так жооп берүү менен активдүү катышышты. Өзгөчө 8-“Б” класстын окуучулары Шмунк Дарья , Базарбекова А, Досумкулова Ш, Турумбекова Асыл “Дурь” аттуу сценканы жеткиликтүү кылып аткарышты.

10-декабрь укук күнүнө карата “Бала укугу ыйык” темасында таймаш , этикалык маек өткөрүлдү.

8-декабрда “Бүгүнкү күндөгу дүйнөлүк окуяларга көз ирмем” аттуу тегерек стол болду. Айылдын имамдары Намазов Т, Кожоев А, айылдык ак сакалдардын мүчөсү Бообеков Аман келип, кызыктуу окуялардан кеп кылып, суроо-жооп иретинде өттү. Азыркы учурдагы диний агымдар , терроризмди алдын алуу боюнча көптөгөн мисалдар аркылуу талкууланды.

12-декабрда “Өчпөс жылдыз” аттуу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата эскерүү кечеси өткөрүлдү. Кечеде жазуучунун ар тараптуу чыгармалары талкууланып, жаш талант окуучу 10-“А” классынын окуучусу Каныбек к Алия “Менин жазуучум” деген өзү чыгарган ырын окуду. Ыры отурган , катышкандардын бардыгын терең ойго салып, кээ бирин жаш алдырды.

Окуучулардын формалары, күндөлүктөрү , окуу куралдарынын абалдарына көзөмөл жүргүзүлүп турду.

16-декабрда быйылкы жыл “Экономиканы чыңдоо жана көтөрүү” болгондуктан ар бир класста ачык тарбиялык сааттар өтүлдү. 10-“А”класста “Биздин үй-бүлөнүн экономикасы” темасында балдар өз үй-бүлөлөрүнүн экономикасынын чыгым, киреше болгондорун кызуу айтып, талкуулашты.

Окуучулардын кызыгуусун арттыруу жана кылмыштуулуктун алдын алуу максатында 9-11-класстар арасында волейбол,футбол, теннис боюнча мелдештер өтүлдү.

27-декабрда Жаңы Жылдык балаты 1-11-класстарда шоу түрүндө өткөрүлдү.

Класстардын абалына көзөмөл жүргүзүлүп, класс жетекчилердин тарбиялык журналдары текшерилип, отчёттору кабыл алынды.

Мектеп ичинде кыш мезгилиндеги каникул учуруна план түзүлүп, дежурство графиги коюлду.

Ар бир класс жетекчиден кыш мезгилиндеги эс алуу убагында ар бир балага ата-энелерден билдирүүлөр алынды.

Уюштуруучу: Машанло Ф.Ч.